**К Ы Р Г Ы З РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

**ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ Р Е С П У Б Л И К И**

# Т О К Т О М   П О С Т А Н О В Л Е Н И Е

2020-жылдын 12-июну, № 330

**2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын өнүктүрүү программасы (мындан ары – Программа), 1-тиркемеге ылайык;
- Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы), 2-тиркемеге ылайык;
- Программанын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы, 3-тиркемеге ылайык.

2. Иш-чаралар планын ишке ашырууга тартылган мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) квартал сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигине анын аткарылышы жөнүндө маалымат беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча, 1-августтан жана 1-февралдан кечиктирбей Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө жалпыланган отчёт берсин.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 28-мартындагы № 155 "Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын

**К Ы Р Г Ы З РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

**ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ Р Е С П У Б Л И К И**

# Т О К Т О М   П О С Т А Н О В Л Е Н И Е

от 12 июня 2020 года № 330

**Об утверждении Программы развития систем питьевого водоснабжения и водоотведения населенных пунктов Кыргызской Республики до 2026 года**

В целях реализации Национальной стратегии развития Кыргызской Республики на 2018–2040 годы, утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики от 31 октября 2018 года № 221, в соответствии со статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1 . Утвердить:

- Программу развития систем питьевого водоснабжения и водоотведения населенных пунктов Кыргызской Республики до 2026 года (далее – Программа) согласно приложению 1;
- План мероприятий по реализации Программы (далее – План мероприятий) согласно приложению 2;
- матрицу индикаторов мониторинга и оценки реализации Программы согласно приложению 3.

2. Государственным органам и органам местного самоуправления (по согласованию), задействованным в реализации Плана мероприятий, ежеквартально представлять информацию о ходе его реализации в Государственное агентство водных ресурсов при Правительстве Кыргызской Республики.

3. Государственному агентству водных ресурсов при Правительстве Кыргызской Республики по итогам каждого полугодия, не позднее 1 августа и 1 февраля, представлять в Аппарат Правительства Кыргызской Республики обобщенный отчет о ходе реализации Плана мероприятий.

4. Признать утратившим силу постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Стратегии развития систем питьевого водоснабжения и водоотведения населенных пунктов Кыргызской Республики до 2026 года» от 28 марта 2016 года № 155.

өнүктүрүүнүн 2026-жылга чейинки стратегиясын бекитүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын курулуш, транспорт жана коммуникациялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министрдин**
**милдетин аткаруучу,**
**биринчи вице-премьер-министр** **К.А.Боронов**

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел строительства, транспорта и коммуникаций Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Исполняющий обязанности**
**Премьер-министра,**
**первый вице-премьер-министр** **К.А.Боронов**